**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 27-майда болуп өткөн иш берүүчүлөр менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 14

**Күн тартиби:**

1. Стейкхолдерлердин суроо-талаптарын, сунуштарын угуу жана НББПга сунуштоо

**Угулду:** Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев стейкхолдерлерге факультеттин бакалавр жана магистратура бөлүмдөрү боюнча маалымат берди. Ошондой эле катышуучуларга стейкхолдерлер менен тааныштырды.

1. Мурзакметов А.К.– Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институнун илимий кызматкери;
2. Мамасадыков К.М. – ЭлТР МТРКсынын "Ата Журт" саясий-социалдык бөлүмүнүнү продюссери;
3. Исмаилова Б.Т. – ф.и.к., доц. ОшКӨУнун кыргыз филологиясы кафедрасынын башчысы;
4. Момонов З. – "Жетиген" мектеп-лицейинин директору;
5. Каракозуев А. – "Ош жаңырыгы" гезитинин башкы директору;
6. Маматжанова З. –УТРК ош бөлүмүнүн сайтынын башкы редактору;
7. Музулманов М.У. - Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти;

**Сөзгө чыккандар**:

Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институнун илимий кызматкери Мурзакметов А.К.: – Саламатсыздарбы? Бүгүнкү күндө бүтүрүүчүлөр үчүн эң аксап жаткан жери – бул илим менен алектенбегендиги, окууну бүтүп, андан ары улантпагандыгы десем жаңылышпайм. Докторантурага, аспирантурага окууга тапшырып, кыргыз тилинин өсүп-өнүгүшүнө салым кошкон илимпоздор чыкса деген сунушум, каалоом бар. Ошондой эле факультеттин магистрлери документация жүргүзүү боюнча көндүмгө ээ болуш керек, заманбап компетенттүү мугалим болуп чыгыш керек. Филология багытындагы, билим берүү процессине байланыштуу долбоор жазуунун ыкмаларын өздоштүрүүсү керек.

"Жетиген" мектеп-лицейиниин директору Момонов З. – Саламатсыздарбы? Биздин университетте да кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин бүтүргөн бүтүрүүчүлөр иштеп жатышат. Мен жакшы жагынан гана көрө аламын. Ошондой эле

мектепте иштеген мугалимдер ар кандай форматтагы семинарларды, конференцияларга катышып жана эл алдында чыгып сүйлөөлөрдү пландаштырууну билиши керек.

Мамасадыков К. – ЭлТР МТРКсынын Ата Журт саясий социалдык бөлүмүнүн продюссери: - Саламатсыздарбы? Мен журналист катары филология багытын бүтүп, теле-берүүдө, радиодо иштеген бүтүрүүчүлөр көп эле учурайт. Алар негизинен түрдүү типтеги тексттерди редактирлөө, иштиктүү документация түзүү жана филологиялык экспертиза жүргүзүү көндүмдөрүно ээ болушу зарыл деп эсептейм.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Иш берүүчүлөрдүн жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Иш берүүчүлөрдүн төмөнкү сунуш-пикирлери эске алынсын.

1) түрдүү типтеги тексттерди редактирлөө, иштиктүү документация түзүү жана филологиялык экспертиза жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болушу зарыл;

2) ар кандай форматтагы семинарларды, конференцияларды уюштуруу жана эл алдында чыгып сүйлөөлөрдү пландаштырууну билиши керек;

3) филология багытындагы, билим берүү процессине байланыштуу долбоор жазуунун ыкмаларын өздөштүрүүсү керек;

**3.**Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

27-май, 2022-жыл